БЕКИТИЛДИ
«НУР Телеком» ЖЧКнын буйругу
26.03.2024-ж. тартып колдонууга берилди

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары

**АЧЫК ОФЕРТА**
**«НУР Телеком» ЖЧКсынын көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүүгө келишим түзүү жөнүндө**

1.1. Ушул келишим «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коомунун https://www.o.kg дареги боюнча расмий сайтында жана/же Мой О! тиркемесинде жайгаштырылган ачык оферта болуп саналат. КР ЖК 398-беренесинин 2-пунктуна ылайык көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүүгө келишимдин бардык олуттуу шарттарын камтыган ачык оферта текстин жарыялоо жана жайгаштыруу ушул ачык офертада көрсөтүлгөн шарттарда мүмкүндүү абонент/колдонуучу менен көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишим түзүүгө карата расмий сунуш – ачык келишим оферта (ачык оферта) катары таанылат.

1.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 22.09.2023-жылдагы №501 сандуу токтому менен бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежесинин 29-пунктуна ылайык көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү үчүн келишим КР ЖК 386-387-беренелери менен регламенттелген ачык кошулуу келишими болуп саналат. Ушул редакциядагы ачык оферта стандарттуу (типтүү) форма болуп саналып, бардык мүмкүндүү абонент/колдонуучулар үчүн бирдиктүү жана алар тарабынан өзгөртүлүүгө жатпайт.

1.3. Мүмкүндүү абонент/колдонуучу КР ЖК 399-беренесине ылайык ушул ачык офертанын шарттарын сунушталган ачык офертага жалпысынан кошулуу жолу менен гана кабыл алышы мүмкүн, башкача айтканда эч бир шарттары, алып коюулары, эскертмелери жок, аны жалпысынан толук түрдө шартсыз кабыл алуу (акцепттөө) менен. Ачык офертанын кайсы бир шарты менен макул болбогон учурда абонент/колдонуучу аны кабыл алуудан баш тартышы керек. Мүмкүндүү абонент/колдонуучунун акцепттөөсүндө, ушул ачык офертанын шарттарында белгиленген тартипте абонент катары таанылып, андагы милдеттенмелерди алып, ачык офертада аныкталган укуктарга ээ болот.

1.4. Ушул ачык оферта өзгөчө тартипте кабыл алынат: тараптар кол койбостон, келишимдин бардык олуттуу шарттарын камтыган акцептти кабыл алуу жолу менен. Аны кабыл алуу (акцепттөө) шартында ушул келишим жөнөкөй жазуу түрүндө түзүлгөн болуп, КР ЖК 395-396 жана 399-беренелерине ылайык юридикалык күчкө ээ болот жана тараптар кол койгон, кагаздагы келишим менен тең күчтө болот.

1.5. Төмөнкү шарттарда ушул ачык офертанын шарттары толук жана сөзсүз кабыл алынды (акцепттелди) деп саналат:

- мүмкүндүү абонент/колдонуучу үчүн – SIM-картаны тандоо же SIM-картанын баасын төлөө боюнча же тарифтик планы бар SIM-картаны тандоо же ага төлөө боюнча аракеттерди жасаганда (аткарганда) жана персонификация жол-жобосун ийгиликтүү өткөндө;
- мүмкүндүү колдонуучу-юридикалык жак же жеке ишкер үчүн – ушул ачык офертага кошулуу туурасында арызга кол коюу боюнча аракеттерди жасаганда (аткарганда).

1.6. Ушул келишим «НУР Телеком» ЖЧКсы үчүн анын текстинин расмий сайтта жана/же мобилдик тиркемеде жарыяланган учурунан тартып күчүнө кирет.
Мүмкүндүү абонент/колдонуучу персонификация (каттоо) жол-жобосунан ийгиликтүү өтүшү туурасында билдирүү алгандан тартып көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүүгө келишим түзүлгөн деп саналып, юридикалык күчүнө кирет.
Мүмкүндүү колдонуучу-юридикалык жак же жеке ишкер үчүн ушул ачык офертага кошулуу туурасында арызга кол койгондон кийин көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлдү деп таанылып, юридикалык күчүнө кирет.

1.7. Мүмкүндүү абонент/колдонуучу ушул ачык офертаны кабыл алуусунда (акцепттөөсүндө) анын шарттары менен өз алдынча таанышып, аларды окуп чыгып, түшүнүп, өзүнө милдеттүү деп таанууга милдеттенет, ошондой эле «НУР Телеком» ЖЧКсынын сайтынан ушул офертанын бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен өз алдынча таанышып турууга милдеттенет. Мүмкүндүү абонент/колдонуучу ушул ачык офертанын негизинде келишим мамилелерине кошулуусу үчүн чектөөлөр жана тоскоолдуктар жок экенин тастыктайт.

## 2. Ачык офертаны акцепттөө тартиби

2.1. Келишим түзүү үчүн мүмкүндүү абонент-жеке жак өз алдынча (аралыктан) каттоо жолу менен же ыйгарым укуктуу жак тарабынан сатуу жана тейлөө кеңселеринде же оператордун соода түйүндөрүндө каттоо жолу менен персонификация (каттоо) жол-жобосунан өтүүгө тийиш, ал

эми мүмкүндүү колдонуучу-юридикалык жак же жеке ишкер тиешелүү документтерди тапшырып, ушул ачык офертага кошулуу тууралуу кагаз жүзүндөгү арызга кол коюшу керек.

2.2. Персонификация (каттоо) жол-жобосунан өтүүгө ниеттенген мүмкүндүү абонент-жеке жак төмөндөгү аракеттерди ишке ашырат (аткарат), алар жалпысынан акцепт болуп таанылат:
- оператордун колдонуудагы сунуштарына ылайык SIM-картаны тандайт, же SIM-картаны тандап жана анын баасын төлөйт жана байланыш түйүнүнө жана кызматтарга жеткилик алуу үчүн тарифтик планы бар SIM-карта үчүн төлөйт:
- SIM-картаны активдештиргенден кийин 30 календардык күн аралыгында, ошондой эле тарифтик планга ылайык номерди кепилдүү төлөп брондоонун аракет мезгилинде же eSIMди алууда (eSim QR-кодун алуу үчүн электрондук почта дарегин көрсөтүү керек) номерди тандагандан кийин 20 мүнөт аралыгында оператор сунуштаган жолдордун бири менен персонификация жол-жобосунан ийгиликтүү өтөт.

2.2.1. Абонент-жеке жак менен келишим түзүлгөнүнүн тастыктамасы болуп, оператордун персонификация жол-жобосунан ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу билдирүүсү саналат.

2.2.2. Персонификация жол-жобосунан ийгиликтүү өтүшү тууралуу билдирүү албаган учурда номер алынып коюлат.

2.3. Ушул ачык офертанын шарттарында келишимге кошулуу ниетин билдирген мүмкүндүү колдонуучу-юридикалык жак же жеке ишкер ушул ачык офертага кошулуу тууралуу 2 нускадагы кагаз жүзүндөгү арызга кол коёт, бул аракет акцепт деп эсептелип, келишим түзүлдү деп таанылат.

2.4. Ушул ачык офертанын акцептин кабыл алуу тууралуу маалымат оператор тарабынан электрондук түрдө белгиленип, маалымат базасында сакталат.

2.5. Персонификация (каттоо) жол-жобосунан ийгиликтүү өтүү үчүн керек болгон аны ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу билдирүүнү алган учурга чейин байланыш түйүнүнө жана кызматтарга жеткилик чектелген түрдө болот.

2.6. Абонент персонификация жол-жобосунан ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу билдирүү алган учурдан тартып, бирок мындай билдирүүнү алган учурдан тартып 24 сааттан кеч эмес, оператор тарифтик планда каралган кызматтарды толук көлөмдө көрсөтө баштайт.

2.7. Мүмкүндүү абонент-жеке жак ачык офертанын 2.2-пунктунда көрсөтүлгөн белгилүү мөөнөттө персонификация жол-жобосунан ийгиликтүү өтүү милдеттенмесин аткарбаган учурда, «НУР Телеком» ЖЧКсы тарифтик планга ылайык номерди кепилдүү брондоонун кошумча мөөнөтүн сунуштайт жана бир тараптуу акцептсиз тартипте киргизилген акча каражаттарын (анын ичинде тарифтик пландын нарк эсебине) мындай кепилденген номер брондоосу үчүн төлөм катары кармап калуу укугуна ээ болот. Бул учурда мүмкүндүү абонент-жеке жак бул тууралуу талап коё албастыгына жана «НУР Телеком» ЖЧКсы акча каражаттарын укукка каршы кармаган жана аларды кайтаруудан качкан жак деп таанылбастыгына, ошондой эле негизсиз баюунун аркасынан келип чыккан милдеттенменин алуучусу катары каралбастыгына макул экенин таанийт жана тастыктайт.

2.8. Абонент менен оператордун ортосунда келишим буга чейинки (мурунку) редакцияда жазуу түрүндө (кагаз жүзүндө) түзүлүп, ал эми абонент жаңы тарифтик планга өтүп, тиешелүү кызмат алууну каалаган учурда же оператор тарабынан аныкталган башка шарттарда, абонент ушул келишимде белгиленген тартипте персонификация жол-жобосунан өтүүгө тийиш. Персонификациядан ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу билдирүү келген учурдан тартып келишимдин буга чейинки түрү аракетин токтотуп, бул учурдан тартып ушул келишим юридикалык күчкө ээ болуп, аракетке кирет.

## 3. Терминдер жана аныктамалар

3.1. **абонент** – көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринде белгиленген тартипте персонификация (каттоо) жол-жобосунан ийгиликтүү өткөн жана бир же андан ашык номердин берилүүсү менен оператор менен келишим түзгөн, он алты жашка толгон жеке жак; бир же андан ашык номердин берилүүсү менен ушул ачык офертада каралган тартипте оператор менен келишим түзгөн юридикалык жак же жеке ишкер.

3.2. **абоненттик номер (номер)** – келишимдин күчүндө болгон мөөнөтүнө абоненттин колдонуусуна берилген жана байланыш түйүнүнө кошулган абоненттик түзүлүштү аныктаган номер.

3.3. **абоненттик төлөм** – иш жүзүндө алынган кызматтардын көлөмүнөн көз карандысыз туруктуу чоңдук болгон, абоненттин белгилүү (эсептик) мөөнөткө төлөм өлчөмү. Абоненттик төлөмдү алуу тартиби тарифтик план же тиешелүү кызматтарды көрсөтүү шарттары менен аныкталат.

3.4. **түпкү түзүлүш (түпкү жабдуу, абоненттик терминал)** – абоненттин колдонуусундагы мыйзамдуу негиздеги техникалык каражат, уюлдук телефон, модем, роутер, анын ичинде машиналар аралык байланыш үчүн башка каражат, ал абонент менен байланыш тутумунун өз ара аракеттешүүсүнө жол берип, абонентке ал түпкү жабдууну оператордун байланыш түйүнүнө кошуу аркылуу оператордун кызматтарына жеткилик берет.

3.5. **SIM-картаны активдештирүү** – SIM-картаны кызматтарга жеткилик берген, анын ичинде персонификация (каттоо) жол-жобосунан өтүү үчүн керектүү абалга келтирүү.

3.6. **акцепт** – мүмкүндүү абонент/колдонуучунун ушул ачык офертанын шарттарын анда каралган милдеттүү аракеттерди жүзөгө ашыруу жолу менен ишке ашырган (аткарган) толук түрдөгү жана шартсыз кабыл алуусу.

3.7. **байланышкан кызматтар** – оператордун келишимди (анын ичинде макулдашууларды, келишимди коштоочу каалаган документтер сыяктуу эле) аткарууда байланыш кызматына байланыштуу көрсөткөн кызматтары. Мындай кызматтарга: түйүнгө жеткиликти калыбына келтирүү (SIM-картаны, номерди), кызматтарды көрсөтүүсүн токтотуу, номер боюнча аткарылган аракеттер тууралуу маалыматты алуу, кайра тариздөө, өчүрүү (деактивация), номерди блоктон чыгаруу жана оператор тарабынан аныкталган башка кызматтар.

3.8. **үн кызматтары (IVR)** – абонент үн менен кийриген маалыматты колдонуп, чалууларды каттамдоо жана кызматтарды башкаруу милдетин аткарган алдын ала жазылып алынган үн билдирүүлөрүнүн тутуму.

3.9. **алынып коюлган номерлер** – SIM-картаны кызматтарга жеткиликсиз абалга келтирип, номердин өчүрүлүшү.

3.10. **келишим –** ушул ачык офертанын акцепттөө жолу менен оператор менен абоненттин ортосундагы кызмат көрсөтүү тууралуу акы төлөнүүчү макулдашуу. Келишимге жана/же анын шарттарына (келишимдин беренесине/пунктуна) ушул ачык офертадагы каалаган шилтеме, ушул ачык офертага (беренесине/пунктуна) жана/же анын шарттарына тиешелүү шилтеме болуп саналат.

3.11. **кошумча кызматтар** – акы төлөнүүчү негизде оператор тарабынан жана/же кошумча акы үчүн үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлгөн, тандалган же колдонуп жаткан тарифтик планда каралбаган (тарифтик планга кирбеген) кызматтар (сервистер, опциялар).

3.12. **интернет-тейлөөсү** – кызматтарды башкаруусу үчүн интернет тармагында (жеке кабинет, WEB-кошуулар, мобилдик тиркеме) абонентке жеткиликтүү өзүн-өзү тейлөө сервистери.

3.13. **кыска тексттик билдирүү (SMS-билдирүү)** – белгилүү ыраатта жана оператордун байланыш түйүнүнүн жана абоненттик түзүлүштүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жол берген көлөмдө терилген тамгалардан жана (же) сандардан жана (же) белгилерден турган билдирүү.

3.14. **абоненттин өздүк эсеби** – көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн, келишим боюнча кызматтарды төлөө үчүн салынган акча каражаттардын түшүүсүн, чыгымдалышын эсепке алуу үчүн оператордун эсептеринин автоматташтырылган тутумунда абонент аны менен катталган абоненттин жеке номери.

3.15. **массалык таратуу** – каалаган маалыматты оператордун 10 же андан ашык абонентине жана/же башка байланыш операторлордун абоненттерине жайылтуу.

3.16. **оператор** – мыйзамдуу негизде жана колдонуудагы лицензияларга ылайык көчмө электр байланышын эксплуатациялаган жана кызмат көрсөткөн юридикалык жак.

Ушул келишимдин максаты үчүн оператор деп абонент колдонуп жаткан номерге жана/же кызматтарга жараша төмөндөгү компаниялардын бири же бир нечеси таанылат:

а) «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коом – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана аракеттенген юридикалык жак (юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоонун ГПЮ сериясындагы 2016-жылдын 13-октябрындагы № 0019900 күбөлүгү, Кыргыз Республикасынын МТБМКга караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинин «НУР Телеком»ЖЧКсынын №16-0062-КР, №16-0063-КР, №16-0088-КР, №14-1124-КР, №14-1103-КР, №15-1448-КР, №15-1469-КР, №18-0318-КР, №18-0294-КР, №18-0297-КР, №21-0470-КР, №16-0054-КР лицензиялары);

б) «SAIMA TELECOM» жабык акционердик коому («САЙМА ТЕЛЕКОМ») – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана аракеттенген юридикалык жак (юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоонун ГПЮ сериясындагы 2015-жылдын 18-майындагы № 0015237 күбөлүгү, Кыргыз Республикасынын МТБМКга караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинин «SAIMA TELECOM» ЖАК («САЙМА ТЕЛЕКОМ») №16-0019-КР, №03-292-КР, №14-1168-КР лицензиялары);

3.17. **овердрафт (кредиттик эсеп ыкмасы)** — төлөм тутуму, мында оператор терс баланс көрсөткүчүндө абонентке кызмат көрсөтөт, иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдү абонент тараптар ортосунда түзүлгөн келишимдин жана кошумча макулдашуунун шарттарына ылайык жүргүзөт.

3.18. **колдонуучу** – персонификация (каттоо) процедурасынан ийгиликтүү өткөн, абонент болгонуна же болбогонуна карабастан кызматтарды иш жүзүндө колдонуп жаткан жеке жак.

3.19. **өчүрүү чеги (азайтылгыс калдык)** – абонент/колдонуучунун өздүк эсебинин мүмкүндүү эң төмөн деңгээли, ага жеткенде оператор кызмат көрсөтүүсүн жарым-жартылай же толугу менен токтотууга укугу бар. Өчүрүү чеги терс, оң мааниде же нөлгө барабар болушу мүмкүн.

3.20. **мүмкүндүү абонент/колдонуучу** – персонификация (каттоо) процедурасынан ийгиликтүү өтүүгө ниетин билдирген, он алты жашка толгон мүмкүндүү абонент-жеке жак; келишим түзүү ниетин билдирген мүмкүндүү колдонуучу-юридикалык жак же жеке ишкер.

3.21. **препейд алдын ала эсептөө тутуму (аванстуу эсеп ыкмасы)** – төлөм тутуму, мында кызматтарды көрсөтүүгө чейин тандалган кызмат/тарифтик план менен аныкталган суммада өздүк эсепке аванс (төлөм) киргизилет, ал абоненттин өздүк эсебинде оң маанидеги калдыкты түзөт. Минималдуу аванс суммасын оператор кызмат/тарифтик планга, анын ичинде роумингге жараша аныктайт.

3.22. **ачык оферта (оферта)** – «НУР Телеком» ЖЧКсынын сайтында жана/же мобилдик тиркемеде жайгашкан ушул ачык сунушта камтылган шарттарда «НУР Телеком» ЖЧКсынын көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү үчүн келишим түзүүгө ачык сунушу. Келишимге жана/же анын шарттарына (келишимдин беренесине/пунктуна) ушул ачык офертадагы каалаган шилтеме, ушул ачык офертага (беренесине/пунктуна) жана/же анын шарттарына тиешелүү шилтеме болуп саналат.

3.23. **эсептешүү мезгили** – анын аралыгында оператор иш жүзүндө көрсөткөн жана/же берген жана абонент төлөй турган кызматтар көлөмүн аныктай турган мезгил.

3.24. **роуминг** – абонент/колдонуучунун оператордун радиокамтуу аймагынан башка өлкөдөгү чет өлкөлүк байланыш операторунун радиокамтуу аймагына орун которуусунда уюлдук байланыш операторлор ортосундагы роумингдик макулдашуунун негизинде көрсөткөн байланыш кызматтары, анын ичинде жалгаштырылган кызматтары. Роумингди ишке ашыруу үчүн абоненттик түзүлүштүн башка өлкөдөгү байланыш операторунун түйүнү менен техникалык сыйымдуулугу керектелет.

3.25. **роуминг-өнөктөш** – байланыш оператору менен келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары роуминг кызматын көрсөткөн мобилдик уюлдук байланыштын чет өлкөлүк оператору.

3.26. **расмий сайт (сайт) –** маалыматтык-телекоммуникация тармагындагы (сайттагы) «НУР Телеком» ЖЧКсынын www.o.kg дареги боюнча сайты.

3.27. **байланыш түйүнү (түйүн)** – оператордун абоненттерге кызмат көрсөтүүсүн камсыздаган техникалык курулмалардын, жабдуулардын жана программалык камсыздоонун комплекси.

3.28. **туташтыруу** – абонентке үндүк жана (же) үндүк эмес маалыматты берүүгө жол берген, байланыш каражаттары ортосундагы өз ара аракеттешүүнү чакыруунун натыйжасындагы орнотуу.

3.29. **тараптар** – биргелешип аталган оператор жана абонент.

3.30. **SIM-карта** – байланыш операторунун тармагына жеткиликти камсыз кылган абоненттин жеке идентификациялык модулу.

3.31. **self-care (өзүн-өзү тейлөө)** – абонентке учурдагы тарифтик планды кошуу үчүн ачык болгон башка тарифтик планга өзгөртүүгө, байланыш кызматтары боюнча толугураак шарттары менен таанышууга, оператордун жардамы жок өз алдынча байланыш кызматтарын кошууга/өзгөртүүгө/өчүрүүгө мүмкүндүк берген, кызматтарды башкаруунун куралы (USSD-сурамдар, добуштук сервистер (IVR), SMS-билдирүүлөр жана интернет-тейлөө аркылуу).

3.32. **тарифтик план** – электр байланыш оператору бир же бир нече электр байланыш кызматынан пайдаланууну сунуштаган баа тууралуу шарттардын, кызмат көрсөтүү өзгөчөлүктөрүнүн жана тарификациянын жыйындысы.

3.33. **кызматтар** – биргелешип «байланыш кызматтары» жана «кошумча кызматтар» аталган терминдер.

3.34. **байланыш кызматтары** – келишим шарттарына ылайык, атап айтканда электр байланыш билдирүүлөрүн (үн кызматтары, SMS-билдирүүлөр) кабыл алуу, иштеп чыгуу, сактоо, берүү, жеткирүү боюнча оператор көчмө радиотелефон байланыш аркылуу көрсөткөн кызматтар, анын ичинде тиешелүү кызмат түрүн көрсөтүү эрежелерине жана берилген лицензия шарттарына ылайык оператор жана/же үчүнчү жак тарабынан көрсөтүлгөн көчмө радиотелефон байланыш кызматтары жана алар менен жалгаштырылган кызматтар (сервистик, маалыматтык-маалымдама кызматы, телематикалык кызматтар, маалыматтарды берүү кызматы).

3.35. **фрод** – байланыш түйүнүндө мыйзамсыз жетүүсү, үндү окшоштуруу, чакырылып жаткан абоненттин/IP-даректин номери тууралуу маалымат берүүнү, чакырылып жаткан абоненттин линиясын идентификациялоону жана чалуунун келип чыгуусун идентификациялоону басуу (алмаштыруу, бербөө) же каалаган башка мыйзамсыз жол менен кызмат алуусу менен байланышкан абонент/колдонуучунун жана (же) каалаган үчүнчү жактын байланыш түйүнүндөгү укукка каршы келчү аракеттери.

3.36. **электрондук эсеп** – абоненттин акча эквиваленти менен берилген кызмат алуу укугунун көлөмү тууралуу маалыматты камтыган оператордун автоматташтырылган эсеп тутумундагы электрондук файл.

3.37. **USSD-сурам/команда** – чыныгы убакыт режиминде абонент/колдонуучу менен оператордун атайы сервиси ортосундагы маалымат алмашуусун камсыздаган маалымат алмашуу технологиясы.

## 4. Келишим предмети

4.1. Ушул келишим бүтүн аракетинин мезгилинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүлүүдө оператор менен абоненттин ортосундагы мамилелерди жөндөйт.

4.2. Ушул келишимге ылайык оператор акы төлөнүүчү негизде кызмат көрсөтүүгө техникалык мүмкүнчүлүгүнүн болушунда, колдонуудагы тарифтик планга жана оператор тарабынан өз алдынча аныкталган кошумча кызматтардын шарттарга ылайык абонентке кызмат көрсөтөт.

## 5. Персонификация (каттоо) тартиби, абонент туурасында маалымат жана анын идентификациясы

5.1. Абоненттин персонификациясы (каттоосу) Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелерине ылайык жүргүзүлөт, бир гана абонент/колдонуучулардын биометрикалык маалыматын колдонуу менен персонификациялоо (каттоо) тартибин, ошондой эле оператордун ыктыяры боюнча аныкталган M2M-түзүлүштөрү үчүн тарифтик төлөмдү колдонушкан абонент/колдонуучуларды эске албаганда.

5.2. Персонификация (каттоо) оператор тарабынан оператордун каттоого жеткиликтүү тутумдарынын бири аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн: байланыш операторунун сатуулар жана тейлөө кеңселеринде абоненттер менен иш алып баруу тутуму; мобилдик тиркеме; веб-сайттар; оператордун башка программалык каражаттары.

5.3. Персонификация (каттоо) өз алдынча каттоо (аралыктан), ыйгарым укуктуу жактын абонентти сатуулар жана тейлөө кеңселеринде жана ыйгарым укуктуу жак тарабынан соода түйүндөрүндө каттоосу аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.4. Оператор Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринде белгиленген учурларда мүмкүндүү абонентти персонификациядан (каттоодон) өткөрүүдөн баш тартат.

5.5. Абонент өзү туурасында, же ал персонификацияда (каттоодо) көрсөткөн анын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү турасында маалымат өзгөртүлгөн учурда, мындай өзгөртүүлөрдөн кийин 10 иш күн аралыгында байланыш оператору тарабынан орнотулган ыкмаларда байланыш операторуна жаңы маалымат берүүгө тийиш.

5.6. Оператор абонент туурасында маалыматты маалымдама жана башка маалымат кызматтарын көрсөтүүсүндө колдонууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, абоненттин макулдугунда гана үчүнчү жактарга берүүгө милдеттенет. Абонент/колдонуучу туурасында маалыматты алуу аракети ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн регламенттеген мыйзамда каралган учурда, байланыш операторунун маалымат базасында сакталган абонент/колдонуучу туурасындагы маалымат мамлекеттик органдардын, анын ичинде укук коргоочу органдардын сурамы боюнча берилиши мүмкүн.

5.7. Операторго кайрылган учурда абонент тизмеги оператор тарабынан аныкталган идентификаторлордун жардамында идентификацияланат (идентификатор: номер, SIM-картанын номери, жашырын киргизилген сөз жана өзүнчө же жалпысынан колдонгон башка нерселер). Абоненттин идентификаторлору абонентке көрсөтүлгөн кызмат тизмеги өзгөргөн учурда, маалыматтык-маалымдама тейлөөсүндө, кызматтар үчүн төлөм жүргүзүүдө жана оператор тарабынан каралган башка учурларда колдонулушу мүмкүн.

## 6. Кызматтардын тизмеси жана баалары

6.1. Оператордун абонентке көрсөткөн кызматтар тизмеси үчүнчү жактар менен түзүлгөн макулдашууларды жана түйүн мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен тарифтик планга жана кошулган кызматтарга ылайык аныкталат.

6.2. Оператор байланышкан кызматтарды абонентке расмий сайт, мобилдик тиркеме же сатуулар жана тейлөө кеңселери же оператор тарабынан каралган башка ыкмалар аркылуу көрсөтүшү мүмкүн. Эгер оператордун байланышкан кызматтарды көрсөтүүгө документтерди (кайрылууларды, сурамдарды, өтүнмөлөрдү ж.б.) электрондук түрдө алууга мүмкүнчүлүгү болсо, анда мындай документтер аларды кагаз жүзүндө кайталоо керектиги жок электрондук түрдө таризделиши, түзүлүшү, колдонулушу, берилиши жана жөнөтүлүшү мүмкүн жана аларга жөнөкөй электрондук кол тамганын жардамында кол коюлушу мүмкүн. SMS-билдирүү, push-билдирүү аркылуу же почтага жөнөтүлгөн электрондук каттан алынган кодду киргизгени бул кызматты алуу үчүн керектелген электрондук документке кол коюп, абоненттин байланышкан кызматтарды алууга макулдугун тастыктаганы, жана абонент бул кодду жана аны жөнөкөй электрондук кол тамга менен киргизгенин өз колу менен коюлган кол тамгасы менен тең күчтө экенин жана өзү катары тааныла турганын тааныйт. Байланышкан кызматтардын тизмеси оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.

6.3. Абонентке көрсөтүлгөн тарифтердин бардык түрлөрү оператор тарабынан өз алдынча бир жактуу тартипте аныкталат, анын ичинде өзгөртүлөт жана тарифтик пландарда, ошондой эле кызматтарды көрсөтүү шарттарында чагылдырылат. Тарифтик пландар жана кошумча кызматтар тизмеси оператордун расмий сайтында же мобилдик тиркемесинде жана башка маалыматтык документтерде камтылат. Байланыш кызматтарынын тарифтери оператор түйүнүнүн иштеринин мүмкүндүү токтоп турушун эске алуу менен орнотулат.

6.4. Колдонулуп жаткан тарифтик пландарга, кызматтардын баасына өзгөртүүлөрдү киргизилген учурларда, тарифтик пландын жоюлушунда же кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүсүндө оператор абонентти тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана/же жоюуларды киргизгенге чейин SMS-билдирүү жөнөтүп, же оператордун веб-сайты, же жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу 10 (он) календардык күндөн кем эмес мөөнөттө маалымдайт.

6.5. Өзгөртүүлөр киргизелгенден кийин абонент кызматтарды колдонуусун уланта берген учурда өзгөрүүлөр абонент тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Абонент эч кандай аракеттерди жасабаса, тейлөө өзгөртүлгөн шарттарда автоматтык түрдө улантыла берет.

6.6. Тарифтик пландын жоюлгандыгы тууралу билдирүү алган күндөн тартып 10 календардык күн аралыгында абонент жеткиликтүү башка тарифке өтпөсө, оператор абонентти өз ыктыяры менен өз алдынча аныктаган, мүнөздөмөлөрү боюнча окшош тарифтик планга автоматтык түрдө өткөрөт.

6.7. Көрсөтүлгөн кызмат үчүн төлөм кошулган кызматтар тизмесин, кошулуу узактыгын, SMS-билдирүүлөрдүн санын, тарификация бирдигин саны боюнча берилген (алынган) маалымат көлөмүн эске алып жана/же тарифтик планга ылайык жана/же кошумча кызматтардын шарттарына ылайык төлөмгө ылайык абоненттик төлөм өлчөмүндө аныкталат.

6.8. Роуминг ичиндеги кызматтар абонентке оператордун сайтында көрсөтүлгөн баасы боюнча, башка оператордун роуминг ичинде кызмат көрсөтүү учурунда күчүндө болгон тарифтерди эске алуу менен көрсөтүлөт, абонент аны менен келишим түзгөн эмес, бирок ал оператор түйүнүндө абонент келишимде көрсөтүлгөн абоненттик номерин колдонуп, кызмат алган. Оператор абонентти роуминг-өнөктөштөрүнүн түйүндөрүндө акысыз каттоого уккутуу, бул абоненттин роумингди кошуу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Роумингди өчүрбөй, анын ичиндеги кызматтарды алуусун андан ары улантуусу абоненттин роуминг кызматтарын алууга макулдугун билдирет.

6.9. Абоненттин оператордун түйүнүнөн эл аралык багытта чалууларды жасоосуна жол берген эл аралык байланыш кызматтары оператор тарабынан орнотулган баалар боюнча көрсөтүлөт.

6.10. Абоненттик жабдуулардын кызматтарды көрсөтүү үчүн керектүү атайы техникалык талаптарга жооп беришинде абонентке өзүнчө кызматтар көрсөтүлөт. Абоненттик түзүлүштүн абонент операторго буюртма берген кызматтар менен шайкеш келбеши үчүн оператор жооптуу болбойт.

6.11. Абонент ага кошулган тарифтик пландын, кошумча кызматтардын алкагында аларды өчүрүп коюуга мүмкүн болгон белгилүү кызмат түрлөрүнөн баш тартышы мүмкүн. Өзүнчө кызмат түрлөрүн алуудан баш тартууга арызды абонент анын идентификациялоосун камсыздаган оператордун техникалык каражаттарына туура келген ыкмада, же оператор тарабынан орнотулган бланк формасында жазуу түрүндө бериши мүмкүн.

## 7. Кызмат сапаты

7.1. Түйүн ишин токтотуп туруу учурларын, форс-мажордук шарттарда кызмат көрсөтүүсүн убактылуу чектеген же токтоткон учурларын, оператор тарабынан авариялык же пландалган профилактикалык оңдоо иштерин, байланыш операторунун түйүнүн жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иштерин жүргүзүүсүн, өзгөчө же согуш абалын, ошондой эле улуттук коопсуздук органынын чечиминин негизиндеги учурларды эске албаганда оператор байланыш кызматын күнү-түнү, күн сайын, тыныгуусуз көрсөтөт. Оператор абонентти алдын ала эскертип, кызматтарды чектеп же токтотуп, байланыш түйүнүн жаңылоого жана техникалык жана/же оператордун кызматтарын колдонууга таасир этүүчү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укугу бар.

7.2. Абонентке көрсөтүлүп жаткан кызматтар радио толкундарынын кадимки жайылуу шарттарынан улам начарлап, үзүлүп же тоскоолдуктар менен коштолушу мүмкүн, ошондой эле байланыш түйүнүн камтуу аймактарынын өзүнчө кайсы бир жерлеринде, имараттардын жанында же ичинде, туннелдерде, жертөлөлөрдө жана башка жер астындагы курулуштарда рельефтин жана курулуштун өзгөчөлүгүнө байланыштуу, аба-ырайынын шарттарынан улам, радионурлануу, электр шаймандарынын жанынан, имараттын архитектуралык өзгөчөлүктөрүнөн улам, абоненттин жакынкы оператордун базалык станциясынан алыстыгынан, каналдар жүктөмүнөн, үчүнчү жактардын аракеттеринен улам жана/же башка каалаган себептерден улам толугу менен жок болушу мүмкүн. Көрсөтүлгөн шарттар, ошондой эле оператордун бүтүн түйүнгө жана/же базалык станцияга эң көп күч келген саattарында ылдамдыкты басаңдатуучу трафик артыкчылыгынын атайы тутумун колдонуусу жана абоненттин өзгөчө көп кызмат көлөмүнөн пайдалануусу кызмат көрсөтүүдөгү тыныгуулар деп таанылбайт жана кызматтарды начар көрсөтүүсү катары караштырылбайт.

7.3. Абонентке көрсөтүлүп жаткан кызматтар түйүндүн түзүлүштүк өзгөчөлүктөрүнөн улам операторлордун, анын ичинде оператордун компетенциясынан тышкаркы эл аралык жана шаарлар аралык байланыш операторлорунун, жана роуминг-операторунун, жергиликтүү өткөргүчтүү телефон линияларынын жабдууларынын сапатынан көз каранды.

7.4. Байланыш оператору абоненттин абоненттик түзүлүштүн орнотулган талаптарына жооп бербеген, оң эмес абалдагы, же өндүрүүчү жана байланыш оператору менен макулдашпай өзгөртүлгөн же жаңыланган түзүлүштү колдонуусунан улам келип чыккан байланыш сапатынын начарлоосуна жооп бербейт.

## 8. Кызматтарды төлөө системасы, эсептешүү тартиптери

8.1. Оператордун кызматына каалаган тыюу салынбаган ыкмада, анын ичинде накталай/накталай эмес төлөм аркылуу, төлөм карталарынын жардамында же оператордун эсептешүү эсебине акча которуу жолу менен төлөм жүргүзүүгө болот.

8.2. Абоненттин өздүк эсебиндеги акча каражаттары төлөм жүргүзүлгөндөн кийин келген күндөн кеч эмес эсепке алынат.

8.3. Көрсөтүлгөн кызматтар оператор тарабынан кабыл алынган тарификация бирдигин колдонуу менен эсепке алынат. Бардык эсептер Кыргыз Республикасынын сому менен жүргүзүлөт.

8.4. Көрсөтүлгөн кызматтарды эсептөө иши оператордун автоматташтырылган эсеп тутумунун маалыматына негизделет.

8.5. Абонент-жеке жак көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдү аванстык эсеп ыкмасында жүргүзөт. Абонент/юридикалык жак же жеке ишкер үчүн эсептешүү ыкмасы аванстык жана/же кредиттик болушу мүмкүн жана тараптардын тиешелүү кошумча макулдашуусу боюнча орнотулат.

8.6. Оператор кызмат көрсөтүүсүн токтотуп туруу укугунан колдонбогон учурда дагы абонент көрсөтүлгөн кызматтарды төлөөдөн бошотулбайт.

8.7. Абонент менен оператордун ортосунда бир нече келишим түзүлгөн учурда жаңы келишим түзүү учурунда оператор мындай келишимдердин (өздүк эсептердин) бири боюнча абоненттен келип түшкөн төлөмдү абонентти алдын ала эскертпестен абоненттин башка келишим (өздүк эсеп) боюнча карызын жабууга кайра багыттоого (эсептөөгө) укуктуу.

8.8. Оператор кассалар, алдын ала төлөм карталары, терминалдык түзүлүштөр жана оператор көрсөткөн башка ыкмалар менен төлөм башка абоненттин/колдонуучунун эсебине, анын ичинде жок абоненттик номерге ката киргизилгендиги үчүн жооптуу эмес. Абонент төлөм киргизип жатып, акча каражаттарын туура эмес суммада же туура эмес реквизиттер боюнча киргизип алган (башка абоненттин/колдонуучунун өздүк эсебине (номерине)) учурда, оператор абонентке кызматты тиешелүү түрдө жана келишимге ылайык толук түрдө көрсөткөн болуп эсептелет. Кызмат көрсөтүүнүн алкагында абонент анын өздүк эсебине (номерине) акча каражаттарын адашып салып койгон абонент/колдонуучу менен андан аркы өз ара эсептешүүлөрүн оператордун катышуусу жана жардамы жок, өз алдынча жүргүзөт.

8.9. Абоненттин кызмат үчүн киргизген, ал колдонбой калган акча каражаттары доо мөөнөтүнүн эскиришине чейин өзүнчө жыйынтык эсебинде эсепке алынат. Доо мөөнөтүнүн эскирүү мезгили өткөндөн кийин колдонулбай калган акча каражаттарын оператор башка кирешелер деп тааныйт.

8.10. Төлөм картасын активдештирүүдө абонент карта номиналын жана кызматтар наркын эске алуу менен аныкталган көлөмдөгү кызмат алуу укугуна ээ болот.

8.11. Абонент төлөм картасын анда көрсөтүлгөн аракет мөөнөтүнүн аралыгында активдештирүүгө милдеттүү. Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин аны активдештирүү мүмкүн эмес болуп калат.

8.12. Абонент картаны туура колдонуусу үчүн жооптуу. Абонент төлөм картасын бузган учурда (төлөм картасынын PIN–коду өчүрүлүп калган ж.у.с.), төлөм картасы кайра калыбына келтирилбейт.

8.13. Келишим түзгөн абонент-юридикалык жактын же жеке ишкердин сурамы боюнча оператор эсептик мөөнөттөн кийинки 15 (он бешинчи) числого чейин көрсөтүлгөн кызматтар суммасына эсеп-фактура чыгарат. Бул учурда эсеп-фактураны чыгаруу сурамы, кийин аны өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жок шартта, эсептик мезгилдин аягына чейин 3 (үч) иш күнүнөн кеч эмес операторго жөнөтүлүшү зарыл.

8.14. Абоненттин роумингдеги тармактык аракеттери тууранда маалымат роуминг-өнөктөш оператору тарабынан калыптанат. Буга байланыштуу оператор роуминг боюнча эсептерди жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кеч, бирок роумингде жасалган акыркы тарифтелген аракет учурунан тартып 90 (токсон) календардык күндөн кеч эмес жүргүзүү укугун өзүнө калтырат.

## 9. Тараптардын укуктары жана милдеттери

**9.1. Тараптардын милдеттери:**

9.1.1. Тараптар Кыргыз Республикасынын «Электр байланышы жөнүндө» Мыйзамында, Министрлер Кабинентинин 22.09.2023-жылдагы № 501 сандуу токтому менен бекитилген Көчмө

радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринде каралган укуктарга ээ болуп, аларга ылайык милдеттенмелерди мойнуна алышат.

9.2. **Оператор милдеттүү**:

9.1.1. Байланыш түйүнүнүн ишин камсыздоого жана ушул келишимде белгиленген тартипте жана шарттарда кызмат көрсөтүүгө.

9.1.2. Абонентке кызмат шарттары жана кызмат наркы тууралуу керектүү жана анык маалымат берүүгө.

9.1.3. Абоненттерге маалыматтык-маалымдама кызматын көрсөтүүгө, анын ичинде жарнамалык мүнөздөгү маалыматты кошо алганда.

9.1.4. Телефондук сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуугунун камсыздоого. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуугун чектөөгө жол берилет. Телефондук сүйлөшүүлөр жана билдирүүлөр тууралуу маалыматты абоненттерге же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө гана, ошондой эле эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаган болсо, соттук актын негизинде үчүнчү жактарга берүүгө.

9.1.5. Келишимди токтотуп же номерди алып коюусунда абоненттин өздүк эсебинде акча каражаттарынын болушунда, бул акча каражаттарын 15 (он беш) календардык күн ичинде, ал эми абонент роуминг колдонгон учурунда, абоненттен тиешелүү арыз алган учурдан тартып 90 (токсон) календардык күндөн кеч эмес кайтарып берүүгө.

9.1.6. Байланыш түзүлүштөрүн жана маалымат берүү түзүлүштөрүн идентификациялоо жаатындагы мыйзам талаптарына ылайык алардын жеткилигине тыюу салынган абоненттик түзүлүштөрдүн байланыш түйүнүнө жетүүсүн чектөөгө.

9.1.7. Келишимдин башка шарттарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка талаптарын аткарууга.

**9.2. Оператор укуктуу:**

9.2.1. Келишимдин шарттарын, кызматтар тизмегин, түрлөрүн жана курамын, кызматтардын, тарифтик пландардын баасын, тарифтик пландарды көрсөтүү шарттарын, тарификация принциптерин жана түрлөрүн, төлөм тартибин, мөөнөттөрүн жана системасын, кызматтарды кошуу жана алып салуу тартиптерин жана ушу сыяктууларды бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө.

9.2.2. Номерлердин премиялдуулугуна жараша («Platinum», «VIP», «Gold», «Silver» жана «Standard» номер) алардын классификациясын жана баасын орнотууга жана мындай номерлерди убактылуу колдонуу укугуна тоорук жүргүзүүгө.

9.2.3. КРнын мыйзамдарында каралган учурларда, тартипте жана шарттарда абоненттердин сайтка жеткилигин жаап коюуга (чектөөгө).

9.2.4. Абонентке кызмат көрсөтүүсүндө терс баланс суммасын жана өчүрүү чегин өз ыктыяры менен орнотууга. Өчүрүү чеги түрдүү кызматтар жана тарифтик пландар үчүн түрдүү болушу мүмкүн.

9.2.5. Түйүндө кайсы бир өзгөртүүлөрдү жүргүзүүдө абонентти алдын ала эскертип, абоненттик номерди бир тараптуу өзгөртүүгө.

9.2.6. Абоненттерге көрсөтүлүп жаткан каалаган тарифтик пландарда абонент/колдонуучуга каалаган кызмат көрсөтүүсүн токтотуп турууга, ошондой эле өз ыктыярында каалаган кызматтарын, анын ичинде атайы жеңилдетилген шарттардагы (акциялар, арзандатуулар ж.у.с.) кызматтарды көрсөтүүсүн токтотууга жана/же абонент тейленип жаткан тарифтик пландын шарттарына ылайык стандарттык тарификацияны колдонууга, же төмөндөгү учурларда башка тарифтик планга которууга:

а) абоненттин өздүк эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы өчүрүү чегине жеткенде;

б) эгер абонент/колдонуучу оператордун кызматынан колдонуп башка абоненттерге, операторго жана/же үчүнчү жактарга зыян келтиргенде;

в) карта кодун тандоо жолу менен абонент/колдонуучу төлөм картасын активдештирүүгө бир катар аракеттерди жасаганда;

г) оператор менен макулдашпастан абонент/колдонуучу абоненттик номерди мыйзамсыз жол менен өзүнүн же оператордун эсебинен үчүнчү жактардын баюусу үчүн колдонгондо, жана/же кайсы бир лотереяларды, добуш берүүлөрдү, жарнамаларды, сурамжылоолорду, массалык билдирүүлөрдү таратуу же массалык чалууларды жүргүзүү максатында, ошондой эле белгиленген байланыш түйүнүнө жетүү үчүн шлюздарды, интернет-телефонияны, түйүндөр аралык трафикти орнотуу максатында же операторго зыян келтирген, жана ошондой эле жабдуулардын же түзүлүштөрдүн ишин бузууга алып келген башка аракеттерди аткарганда;

д) абонент/колдонуучу шашылыш ыкчам кызматтарды жалган себеп менен чакырганда, укук бузуучу жосундарын ишке ашыруу максатында башка аракеттерди жасаганда;

е) кызмат көрсөтүү мамлекеттин коопсуздугуна жана коргонуусуна, адамдардын ден соолугуна жана/же коопсуздугуна коркунуч туудурганда;

ж) техникалык, физикалык, географиялык же башка кадыресе тоскоолдуктардан улам кызмат көрсөтүү мүмкүн эмес болгондо;

з) абонент келишимде макулдашылган шарттарга макул болбогондо;

и) абонент/колдонуучу байланыш жабдуусун жана кызматтарды мыйзамсыз жол менен пайдаланганда;
к) абонент/колдонуучу сертификатталбаган абоненттик жабдууну колдонгондо;
л) абоненттин шек санаткан аракеттери, номерди/же кызматты кара ниеттик менен колдонгонун көрсөтүүчү белгилер жана/же жагдайлар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган мүмкүндүү учурлар жана/же башка мүмкүндүү укукка каршы келчү аракеттер (аракетсиздиктер), анын ичинде, бирок аны менен гана чектелбестен, КР мыйзамдарында же ушул келишимде белгиленген тыюу салууларды, чектөөлөрдү бузгандыгынан күмөн саноолор, шек саноолор пайда болгондо жана/же мындай учурлар оператор тарабынан аныкталганда;
м) байланышты колдонуу мыйзам тарабынан чектелген, же ал жерлерде колдонууда байланыш операторунун түйүнүн башка абоненттерине же башка операторлордун абоненттерине зыян, чыгым келтирген, ошондой эле кызмат көрсөтүү мамлекет коопсуздугуна жана коргонуусуна, адамдардын ден соолугуна жана/же коопсуздугуна коркунуч туудурган жерлерде байланыш кызматын колдонгонун белгилери аныкталганда,
н) абонент/колдонуучу кызмат көрсөтүү шарттарын же байланыш каражаттарын эксплуатациялоо эрежелерин бир катар жолу бузуп, бул оператордун байланыш түйүнүнүн же анын өзүнчө элементтеринин ишинин ката кетирүүсүнө алып келгенде;
о) абонент келишимде белгиленген башка шарттарды же чектөөлөрдү бузганда.

9.2.7. SIM-картаны же SIM-картанын жоголушунда анын номерин же SIM-картаны талап кылбаган абоненттик терминалды төмөндөгү учурларда жаап коюуга:
- оозеки кайрылууда, эгер абонент жашырын сөзүн айткан болсо;
- оозеки кайрылууда, эгер абонент идентификацияланган болсо;
- өздүгүн билдирүүчү документин көрсөтүүсү менен абоненттин, же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жазуу түрүндөгү арызы боюнча.

9.2.8. Атайы жеңилдетилген шарттар (акциялар, арзандатуулар ж.у.с.) боюнча каалаган кызмат көрсөтүүсүн токтотууга жана/же оператор тарабынан аныкталган учурларда, анын ичинде келишим шарттарын бузган учурда стандарттык тарификацияны колдонууга.

9.2.9. Форс-мажордук жагдайларда, оператор тарабынан авариялык же пландалган профилактикалык оңдоо иштерин, байланыш операторунун түйүнүн жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иштерин жүргүзүүсүндө, өзгөчө же согуш абалында, ошондой эле улуттук коопсуздук органынын тиешелүү кызмат адамынын жүйөлүү (жазуу түрүндөгү) чечиминин негизинде каалаган кызмат көрсөтүүсүн токтотууга.

9.2.10. Абоненттин тарифтик планда көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде өздүк эсебин керектүү эң аз чегине жетиштүү суммада толтурбаган учурунда, эсептешүү шарттарына ылайык кызмат көрсөтүүнү токтоткондон кийин, жана/же 180 (жүз сексен) календардык күн аралыгында абоненттин SIM-картасынан акы төлөнүүчү түйүндүк чыгыш активдүүлүгүнүн (чыгыш чалуулар жана/же чыгыш SIM-билдирүүлөр жана/же номердин сактыгы үчүн төлөмдөн тышкары башка акы төлөнүүчү кызматтар) жоктугунда же 90 (токсон) календардык күн аралыгындагы төлөнбөгөн карыздарынын болушунда абоненттин Келишимди аткаруусунан бир тараптуу баш тартканынын негизинде, соттук эмес тартипте номерди алып коюуга.

9.2.11. Келишимди токтотууда/бир тараптуу баш тартууда жана абоненттин өздүк эсебинде акча каражаттарынын болушунда, абонент акча каражаттарын кайтарып алуу укугунан (келишимдин 9.1.5-п.) колдонбогон болсо, абоненттин өздүк эсебиндеги калдык суммадан, абоненттин номерин сактоо үчүн бардык салыктарды эске алганда, күнүнө 20 сом өлчөмүндө төлөм алып турууга (өздүк эсепте 20 сомдон кем сумма калган учурда оператор калдык суммасына кызматын көрсөтүү укугуна ээ). Абоненттин өздүк эсебиндеги калдык суммасы 0 (нөл) сомду түзгөн учурда, же кызматтарды колдонуп баштаган учурунан (тарифтелген окуя же өздүк эсеп Балансын толуктоо) тартып төлөм алынуу токтотулат. Оператор абоненттин өздүк эсебине кошкон сыйлык акча каражаттары (упайлар, белектер, бонустар, кэшбектер ж.у.с.), акция боюнча көрсөтүлгөн кызматтар, ошондой эле абоненттин кара ниеттик жана/же укукка каршы келчү аракеттеринен улам, же КР мыйзамдарында же ушул келишимде белгиленген тыюу салууларды, чектөөлөрдү бузуусун көрсөткөн башка жагдайларда түшкөн суммалар эч бир жагдайларда кайтарылып берилбейт.

9.2.12. Абонент-юридикалык жактын же жеке ишкердин (корпоративдик кардар) активдештирилбеген SIM-картасы болгон учурда, буга чейинки сатып алынган SIM-карталарын активдештирүүсүнө чейин жаңы SIM-карталарды сатып алуу жолу менен корпоративдик тобун андан ары кеңейтүүсүнө жеткиликти жабууга.

9.2.13. peer–to–peer (p2p) принциби боюнча (башкача айтканда торрент-трекерлерди колдонуп, же башкача айтканда маалыматтарды берүү үчүн катышуучуларды бири-бири менен түздөн-түз байланыштыруу жолу менен) түйүн ичинде абонентке кызмат көрсөтпөөгө же түйүн ичинде кызмат көрсөтүүнү чектөөгө.

9.2.14. Абоненттин артыкчылыгын, түйүн жүктөмүн, түйүн жүктөмүнүн өсүшү менен жана абоненттердин өзүнчө трафик түрүн колдонуусунда өзүнчө трафик түрлөрүнүн артыкчылыгын

эске алып, автоматтык түрдө иштеген, бүтүн түйүнгө эң көп күч келген учурда, ошондой эле абонент тейленген базалык станциянын эң көп жүктөмүндө ылдамдыкты азайта алган трафиктин артыкчылыктуулугунун атайы тутумун колдонууга, анын ичинде трафикти "адилет колдонуу саясатын" (FUP – Fair Usage Policy) пайдалануу жолу менен.

9.2.15. Абоненттти алдын ала эскертпестен, абонент-жеке жактын өздүк эсебин толтуруп жатканда абоненттин өздүк эсебинин балансы оператор тарабынан орнотулган чекке жеткенде бир тараптуу тартипте акча каражаттарын кабыл алуусун токтотууга.

9.2.16. Абоненттин макулдугу жок, SMS-билдирүү аркылуу мындай алмаштыруу себебин жана мөөнөтү туурасында эскертип туруп абоненттик номерди өзгөртүүгө (алмаштырууга). Абонент-жеке жак номердин алмашуусуна чейин 30 (отуз) календардык күн мурун эскертилет, ал эми абонент-юридикалык жак же жеке ишкер 6 (алты) айдан кем эмес мөөнөттө эскертилет. Абоненттик номерди алмаштырган учурда оператор келишимдин кезектеги шарттарын сактап, абонентке жаңы номер берүүгө милдеттенет. Абонент 7 (жети) календардык күн аралыгында өзгөртүлгөн номерден баш тартууга укугу бар.

9.2.17. Келишимди бузганда же анын аракети токтогон учурда абоненттен номерди алып коюуга. Абонент-юридикалык жактын же жеке ишкердин жоюлушу, анын ичинде юридикалык жактарды каттоо туурасындагы реестрден жоюлушу туурасында билген учурдан тартып, оператор 30 (отуз) календардык күн аралыгында номер колдонуучулары менен келишим түзүүгө укуктуу.

9.2.18. Абоненттин бир нече номери бар болгон учурда, тарифтик планда жана/же келишимде каралган шарттарга ылайык алардын ичинен каалаганын алып коюуга. Абоненттин бардык номери алынып коюлган учурдан тартып келишим токтотулат.

9.2.19. Абонент ушул келишимдин 9.4.16 жана 9.4.17-пункттарында белгиленген милдеттерин бузган же кара ниеттик менен колдонгон учурда абоненттин маалыматтык-маалымдама тейлөө тутумуна жеткилигин чектеп коюуга.

9.2.20. Оператор абоненттин ушул келишимдин 9.4.11-9.4.13-пунктчасында белгиленген милдеттерин бузган фактысын аныктаган учурда, бир тараптуу тартипте өз алдынча аныкталган тарифке ылайык ар бир мүнөтүн/чалуусун тарифтөөгө (нөлдүк же кыска узактыктагы чалууларды генерациялоо учурунда), ал эми абонент оператордон билдирүү алган учурдан тартып 10 (он) календардык күн ичинде төлөөгө милдеттенет. Ошондой эле оператор абонент-жеке жактан 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндө айып төлөм талап кылууга укуктуу. Абонент-юридикалык жак же жеке ишкер үчүн айып төлөм өлчөмү тараптар ортосунда түзүлгөн тиешелүү кошумча макулдашуу менен аныкталат.

9.2.21. Ушул келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктарынан колдонууга.

**9.3. Абонент милдеттүү:**

9.3.1. Кызмат көрсөтүү үчүн төлөмдү толук түрдө жана келишимде, тарифтик планда жана/же кошумча кызматтар менен аныкталган мөөнөттө төлөөгө (жүргүзүүгө), ошондой эле кызмат үчүн карыздар туулганда аларды өз убагында жоюуга;

9.3.2. Өз алдынча жана өз убагында өздүк эсебинин абалын контролдоого жана кызматты үзбөй көрсөтүү үчүн жетиштүү, анын ичинде өчүрүү чегинен (эгер тарифтик планда мындай чек каралган болсо) жогору көлөмдө акча каражаттарынын болушун камсыздоого;

9.3.3. Коддорду жана/же сыр сөздөрдү, вирустук жана зыяндуу программалардан коргоо каражаттарын орнотуу, абоненттик түзүлүштүн операциялык тутумунун жана вируска каршы программалардын өз убагындагы жаңылоо жолу менен абоненттик түзүлүшүнүн коопсуздугун жана коргоосун, анын ичинде үчүнчү жактардын мыйзамсыз колдонулушунан коргоосун камсыздоо боюнча чараларды көрүүгө;

9.3.4. Оператордун байланыш түйүнүнө кошуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына, түзүлүштү пайдалануу боюнча колдо бар нускамасына ылайык тиешелүү сапаттагы, сертификатталган абоненттик түзүлүштү колдонууга;

9.3.5. Кызмат көрсөтүү менен байланышкан, анын ичинде келишим текстине өзгөртүүлөрдү киргизүү, тарифтик пландардын жана/же кошумча кызматтардын шарттары менен байланышкан маалымат менен таанышып турууга, 10 (он) күн ичинде 1ден кем эмес жолу оператордун расмий сайтына такай кирип, оператордун кызмат көрсөтүү шарттарын өзгөрткөндүгү туурасында билдирүүлөрү менен жана оператордун башка билдирүүлөрү менен таанышып турууга. Оператор абоненттин бул милдеттенмесин бузуп, маалымат менен таанышпаганы, же маалымат менен таанышпаганынан келип чыккан терс кесепеттери же өз убагында маалымдалбаганына жоопту эмес.

9.3.6. Абонент-юридикалык жак же жеке ишкер фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болгон учурда), өздүгүн билдирген документинин маалыматы көрсөтүлүп, оператор менен түзүлгөн келишимдер боюнча эсеп жүргүзүүгө милдеттүү. SIM-картаны же SIM-картаны талап кылбаган

түзүлүштү бир колдонуучудан экинчисине берүүдө номерди кайра каттоо, анын ичинде колдонуучуларды персонификациялоо үчүн абонент-юридикалык жак же жеке ишкер жоопту.

9.3.7. Абонент ишеним катты жокко чыгарганда же абонент атынан келишим боюнча операцияларды жасоого укук берүүчү башка документтин аракети токтогондо бул туурасында операторго билдирүүгө. Оператор ишеним каттын жокко чыгарылганы же абонент атынан келишим боюнча операцияларды жасоого укук берүүчү башка документтин аракети токтогондугу тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүү алганга чейин оператордун ыйгарым укуктуу өкүлдүн тапшырмаларын аткаруу боюнча аракети тиешелүү түрдө аткарылган деп эсептелет.

9.3.8. Төмөндөгү тиешелүү окуялардын орун алышында токтоосуз, бирок 3 (үч) календардык күн ичинде оозеки же жазуу түрүндө операторго билдирүүгө: эгер абонент жеке жак болсо, өздүгүн билдирген документтин уурдалган же жоголгон учурунда; сыр сөз (коддук сөз) үчүнчү жакка белгилүү болуп калган мыйзамга каршы келчү учурда; SIM-карта же абоненттик түзүлүш жоголгон же уурдалган учурда; банкроттук процедурасы башталган учурда же абонент-юридикалык жактын ыктыярдуу жоюусу туурасында кабыл алынган чечиминде; келишимди аткарууга тоскоолдук жараткан же аны аткарууну мүмкүн эмес кылган башка жагдайларда, ошондой эле келишимдин 5.5-пунктунда белгиленген мөөнөттө операторго берилген маалыматтын жана абонент туурасында маалыматтын өзгөрүшүндө.

9.3.9. Оператор жеткилик берген Интернет тармагынын материалдары, маалыматы, кызматтары, продуктулары менен байланышкан тобокелдиктерге өз алдынча жооп берүүгө. Бул учурда абонент оператор Интернет тармагы аркылуу убактылуу же такай жеткиликте болбогон түйүн же серверлер менен маалымат алмашуусун кепилдей албай турганы менен жана интернет тармагынын айрым сегменттеринин жеткилиги жана иши үчүн жоопкерчиликте болбой турганы менен макул болот.

9.3.10. Төмөнкү учурларда абоненттик номерди 10 (он) календардык күн ичинде кайра каттоого: башка адамга SIM-картаны же SIM-картаны талап кылбаган абоненттик түзүлүштү берүүдө; юридикалык жактын жоюулушунда же жеке ишкердин ишмердүүлүгүн токтоткон учурунда; корпоративдик топко кошкон же андан чыгарган учурда.

9.3.11. Маалыматты жашыруун алууга багытталган атайы техникалык каражаттарды оператордун түйүнүнүн ичинде колдонбоого. Фродду же байланыш түйүнүнө мыйзамсыз жетүүгө багытталган аракеттерди жасабоого, ошондой эле байланыш операторунун түйүнүнө бул жол менен жана өз алдынча жана/же үчүнчү жактарды тартуу менен жана/же түйүн идентификаторлорун (HOST, IMEI, SMM-борборунун номери, DNS, IP ж.у.с.) алмаштырууга багытталган программаларды, тиркемелерди жана/же жабдууларды колдонуу жолу менен жетүүгө аракет кылбоого, Операторго жана/же үчүнчү жактарга зыян алып келген кызматтарды колдонбоого, ошондой эле андай аракеттерди жасабоого.

9.3.12. Шлюздарды орнотпоого жана/же байланыш түйүнүнө жана Интернет-телефонияга жетүү үчүн, программалык камсыздоолорду колдонбоого жана чалуулардын багытын өзгөрткөн же орнотулган байланыш тартибин бузууга багытталган, же жабдуулардын жана байланыш түзүлүштөрүнүн бузулуусуна алып келген келишимде каралбаган башка иш-чараларды оператордун жазуу түрүндөгү уруксаты жок жасабоого;

9.3.13. Оператор көрсөтүп жаткан кызматтарды кайсы бир жарнамалык иш-чараларды, лотереяларды, добуш берүүлөрдү, конкурстарды, концерттерди, викториналарды, сурамжылоолорду жүргүзүү, массалык билдирүүлөрдү таратуу (анын ичинде коммерциялык иш жүргүзүү белгилери бар) же үгүттөөчү мүнөздөгү билдирүүлөрдү таратуу ж.у.с. үчүн оператордун жазуу түрүндөгү уруксаты жок колдбоого.

9.3.14. Экстремисттик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө, мамлекеттик коопсуздукту бүлдүрүүгө, коомдук тартипти бузууга, жарандардын кадыр-баркына жана ар-намысына шек келтирүүгө, ошондой эле операторго жана/же үчүнчү жактарга зыян же чыгаша алып келген алдамчылык аракеттерге багытталган жана байланыш түйүндөрүн колдонуу менен байланышкан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынган башка аракеттерди жасабоого.

9.3.15. Персонификация (каттоо) процедурасы маалында көрсөтпөгөн болсо, мобилдик тиркемени колдонууда же сатуу жана тейлөө кеңселеринен коддук сөздү көрсөтүүгө. Абонент коддук сөздү үчүнчү жактарга билдирбөөгө/бербөөгө милдеттенет.

9.3.16. Маалыматтык-маалымдама тейлөө тутуму (байланыш борборлору, сайт, мобилдик тиркеме) аркылуу, сатуулар жана тейлөө кеңселеринен оператордун кызматкерлери менен, ошондой эле сатуу жана тейлөө түйүндөрүндө оператордун ыйгарым укуктуу өкүлү менен өз ара аракеттешүүсүндө аларды сыйлоого, адепсиз сөздөрдү (уят же кемсинткен сөздөрдү) колдонбоого, кызматкердин, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өмүрүнө, ден соолугуна же оператордун мүлкүнө зыян келтире турган кырдаалдарды жаратпоого.

9.3.17. Оператордун маалыматтык-маалымдама тейлөө тутумун максаттуу колдонууга, маалыматты алуу укугунан кыянаттык менен колдонбоого, байланыш операторлоруна кызмат көрсөтүү маселелери боюнча гана кайрылууга.

9.3.18. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана/же ушул келишимде каралган талаптарды жана милдеттерди аткарууга.

**9.4. Абонент укуктуу:**

9.4.1. Оператор, анын иш режими, көрсөткөн кызматтары тууралуу керектүү жана анык маалымат алууга.

9.4.2. Тастыкталган кодду, сыр сөздү, команданы же башка каражаттарды колдонуу менен өздүк эсебинен (аванстык төлөмүнөн) акча каражаттарын же тиешелүү кызматты кошуу жолу менен алардын бөлүгүн кайтаруу тууралуу арыз берүүгө. Абоненттин ал өзү бергенин тастыктаган электрондук каражаттарды, коддорду, сыр сөздөрдү жана башка каражаттарды колдонуп берген суроо-талаптары жана тапшырмалары, ал жеке өзү жасаган жана/же берген сыяктуу эле ошондой эле юридикалык күчкө ээ болот.

9.4.3. Оператор кызматын же анын айрым бөлүктөрүн белгилүү мөөнөткө бөгөттөп коюу тууралуу арызы менен операторго кайрылууга. Кызмат көрсөтүүнү бөгөттөп коюунун эң аз жана эң көп мөөнөтү оператор тарабынан чектелиши мүмкүн. Кызматтарды бөгөттөп коюу кызматын оператор акы төлөнүүчү негизде көрсөтүшү мүмкүн.

9.4.4. Оператор тарабынан орнотулган ыкмаларда, анын ичинде self-care: өзүнүн абоненттик түзүлүшүнүн клавиатурасынан оператор аныктаган код айкашын, сыр сөздү ж.у.с. терүү жолу менен, USSD-сурам, SMS-билдирүү менен, оператордун жана/же интернет кызматынын үн кызматтарын колдонуу менен же алардын тизмеси жана тартиби оператор тарабынан аныкталган тапшырма абонент тарабынан берилгенин тастыктаган (бул абоненттин жазуу түрүндөгү арызына барабар болот) башка конклюденттүү аракеттерди жасоо аркылуу кызматтарды башкарууга (төлөмдөрдү киргизүүгө, тарифтик планды алмаштырууга же башка жеткиликтүү тарифтик планга өзгөртүүгө, кошумча кызматтарды кошууга/алып салууга).

9.4.5. Оператор менен эсептешип, тиешелүү арыз берүү жолу менен келишимди андан ары аткаруудан баш тартууга.

9.4.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарынан колдонууга.

## 10. Тараптар жоопкерчилиги

10.1. Оператордун жоопкерчилиги

10.1.1. Оператор төмөндөгү учурларда абонент алдында жооптуу болот:

а) тарифтик планда орнотулган кызматтарды толук түрдө көрсөтпөсө, кызматтарды бөгөттөп, токтотуп коюу учурларын кошпогондо;

б) келишимде каралган учурларды кошпогондо, кызматтарды сапатсыз көрсөтсө;

в) кызматтарды көрсөтүүсү менен байланышкан маалыматты бербесе, толук түрдө бербесе же өз убагында бербесе;

г) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, келишимди аткарууда ага маалым болуп калган абонент тууралуу маалыматты ачыктоону чектөө тууралуу талаптарды бузса;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо телефондук сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуугун бузса.

10.1.2. Оператор төмөндөгү учурларда келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбоо же тиешелүү түрдө аткарбоосу үчүн жоопкерчиликтен бошотулат:

а) Ал жеткис күч жагдайларынан улам (форс-мажор: иш таштоо, митинг, өзгөчө кырдаал, мамлекеттик органдардын чечимдери, табият кырсыктары, атап айтканда жер титирөө, сел жүрүү, суу каптоо ж.у.с.);

б) Эгер оператор абоненттин же үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча милдеттерин аткарбаса же тиешелүү түрдө аткарбаса (анын ичинде абоненттин абоненттик түзүлүшүнүн ишинде кемчиликтеринен улам);

в) Байланыш түзүлүштөрүн жана маалымат берүү түзүлүштөрүн идентификациялоо жаатындагы мыйзам талаптарына ылайык абоненттик түзүлүштү байланыш түйүнүнө жетүүсүн чектөөнүн натыйжасында;

г) Эгер байланыштын жок болуусу же тиешелүү эмес сапаты башка операторлордун, анын ичинде роуминг-өнөктөштөрдүн аракетине байланыштуу болсо же оператордун кызматы үчүнчү жактар көрсөткөн кызматтар менен бириктирилген учурда жана/же түйүн иши бузулган же оң эмес абалдагы абоненттик түзүлүштү, ошондой эле эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү талаптар керектелип, бирок талаптарга туура келген сертификаты жок абоненттик түзүлүштү, же өзгөртүлгөн же жаңыланган абоненттик түзүлүштү колдонууга байланыштуу начарлап же токтоп калган учурда;

д) Үчүнчү жактар тарабынан башкарылган Интернет глобалдык тармагынын айрым түйүндөрүнүн же ресурстарынын жеткиликсиз учурунда. Мындай жеткиликсиздик байланыштын токтошу же бузулушу болуп саналбайт;

е) Ушул келишимдин 7.1, 7.2-п. көрсөтүлгөн учурларда, анын ичинде: сыноо процесстери, монтаждоодо, талап кылынган оңдоо иштерин жана профилактикалык иштерди жүргүзүүдө,

абоненттик түзүлүштүн заводдук кемтиктерин аныктоодо, топографиялык, физикалык же башка табигый тоскоолдуктардын улам кызмат көрсөтүү мүмкүн эмес болгон учурларда.

10.1.3. Абоненттин оператор жөнөткөн билдирүүлөрдү, кабарларды, маалымдоолорду же башка корреспонденциясын албашына оператор жоопту эмес.

10.2. Абоненттин жоопкерчилиги:

10.2.1. Абонент төмөндөгү учурларда жоопту болот:

а) Келишимди түзүүдө анык эмес, толук эмес жана актуалдуу эмес маалымат бергенде; Абоненттин персонификация (каттоо) процедурасынан өтүүсүндө жана андан өткөндөн кийин жүргүзүлгөн аракеттери ал өзү жасаган деп эсептелет;

б) Кызматтарга төлөбөгөндө, толук эмес төлөгөндө же өз убагында төлөбөгөндө;

в) Абоненттик түзүлүштү колдонуу эрежелерин сактабаса жана оператор түйүнүндө жашыруун маалымат алууга багытталган атайы техникалык каражаттарды колдонгондо, ошондой эле идентификациясы тууралуу маалыматы өзгөртүлгөн, же орнотулган талаптарга жооп бербеген SIM-картаны, абоненттик түзүлүштү жана техникалык каражаттарды колдонгондо;

г) Орнотулган талаптарга жооп бербеген абоненттик түзүлүштү түйүнгө кошууга тыюу эрежесин сактабаганда, ошондой эле түпкү жабдууну эксплуатациялоо эрежелерин сактабаганда;

д) Башка милдеттерин сактабаганда, келишимдин 9.3-9.4-пункттарында белгиленген тыюуларды жана чектөөлөрдү бузганда;

е) Абонент келишимдин 9.4.8-пунктчасындагы шарттарды сактабаса, ал оператор жоготуу тууралуу билдирүү алган учурга чейин жоголгон SIM-карта же SIM-картаны талап кылбаган түзүлүштүн жардамында алынган кызматтардын төлөмү боюнча милдеттенмелерден бошотулат;

ж) Байланыш түйүнүнө мыйзамсыз жетүүгө багытталган аракеттерди жасоодо, ошондой эле оператордун түйүнүнө мындай жол менен кирүүдө, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленбеген башка аракеттерди жасаганда.

з) Кызматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынган максаттарда колдонгондо;

и) Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда.

## 11. Дооматтарды жана доо арыздарды берүү тартиби

11.1. Абоненттин дооматтары ушул келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте караштырылат.

11.2. Кызматтарды көрсөтүү боюнча милдеттенмелерин аткарбаган же тиешелүү эмес түрдө аткарган учурда абонент керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик органга же сотко кайрылуунун алдында операторго доомат коюуга милдеттүү (чатактын сотко чейинки алдын ала милдеттүү чечилиши).

11.3. Доомат жазуу түрүндө берилип, орнотулган тартипте катталышы зарыл. Абонент арызын оператордун арыздар жана сунуштардын электрондук же кагаз түрүндөгү китебинде калтырууга укуктуу.

11.4. Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу, келишимде каралган милдеттенмелерди өз убагында эмес жана тиешелүү эмес түрдө аткарууга, коюлган төлөм эсеби менен макул болбоого байланыштуу доомattар кызмат көрсөтүү, аларды көрсөтүүдөн баш тартуу же эсеп чыгаруу күнүнөн тартып 3 ай аралыгында кабыл алынат.

11.5. Доо арызга келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же тиешелүү эмес түрдө аткаруу тууралуу маалымат көрсөтүлгөн, караштырыла турган документтер тиркелиши керек.

11.6. Доомат катталган күндөн тартып 30 (отуз) иш күнүнөн ашпаган мөөнөттө оператор аларды караштырат.

11.7. Дооматтарды караштыруунун жыйынтыгы тууралуу оператор арыз берген абонентке жазуу түрүндө билдирүүгө милдеттүү.

11.8. Оператор абоненттин көрсөтүлгөн кызмат үчүн төлөмдүн өлчөмүн азайтуу, ошондой эле кызмат үчүн төлөнгөн акча суммасын кайтаруу тууралуу талаптарын негиздүү деп тапса, алар доомат таанылган күндөн тартып 10 календардык күн ичинде канааттандырууга жатат. Дооматтын кабыл алынган күнү деп оператордун жооп жөнөткөн күнү саналат.

11.9. Доомatты толугу менен же жарым-жартылай түрдө четке кагууда же караштыруу үчүн орнотулган мөөнөттө жооп албаган учурда абонент керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча мамлекеттик органга же сотко кайрылууга укуктуу. Оператор менен абоненттин ортосундагы бардык талаштарды караштыруу орду Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 43-беренесине ылайык оператордун жайгашкан жери менен аныкталат. Сот тили – расмий тил.

## 12. Келишимдин аракет мөөнөтү, аны өзгөртүү жана токтотуу тартиби жана шарттары

**12.1. Келишимдин аракет мөөнөтү**

12.1.1. Келишим ушул келишимдин 1.6-пунктунда каралган тартипте күчүнө кирет жана ушул келишимдин 12.1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн учурду кошпогондо, белгисиз мөөнөткө түзүлгөн деп эсептелет.

12.1.2. Абонент-юридикалык жактын каалоосу боюнча мөөнөттүү келишим түзүлүшү мүмкүн. Мөөнөттүү келишим түзгөн учурда анын аракет мөөнөтү келишимге кошулуу туурасында арызда аныкталат.

12.1.3. Келишимдин аракетин токтотууда тараптардын ал боюнча милдеттенмелеринин токтошуна алып келет, бирок келишим тараптарын ушул келишимдин шарттарын аткарууда аны бузуу учурлары орун алган болсо, ал үчүн жоопкерчиликтен бошотпойт жана абоненттин оператор алдындагы карызын жабуу милдеттенмесинен бошотпойт. Абоненттик номерди (-лерди) андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгү токтотулат.

12.1.4. Абонент-юридикалык жак же жеке ишкер менен мөөнөттүү келишимдин аракет мөөнөтүнүн аякташында, финансылык милдеттенмелерди кошпогондо, келишим боюнча тараптардын милдеттери токтотулат.

**12.2. Келишимди өзгөртүү жана/же ага толуктоолорду киргизүү тартиби**

12.2.1. Оператор ачык оферта шарттарын каалаган учурда өзгөртүп жана/же ага толуктоолорду киргизүү укугун өзүнө калтырат, буга байланыштуу абонент оператордун расмий сайтында жана/же мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган ушул офертага киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор менен такай таанышып турууга милдеттенет.

12.2.2. Ушул ачык офертага өзгөртүүлөр жана толуктоолор оператордун чечими менен абонент менен алдын ала макулдашпастан, бир тараптуу мүнөздө киргизилет. Оператордун ачык оферта шарттарына өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүүсүндө, эгер оператор башка мөөнөттү көрсөтпөгөн болсо, ачык офертага киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор оператордун ачык офертанын өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген шарттары жарыяланган жана жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет. Ушул ачык офертанын өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор тексти же анын жаңы редакциясы менен оператор тиешелүү маалыматты расмий сайтында же мобилдик тиркемесинде жарыялоо жана жайгаштыруу жолу менен жалпыга жеткирет.

12.2.3. Абонент ачык офертага өзгөртүүлөрдүн жана/же толуктоолордун киргизилиши оператор менен абоненттин ортосунда түзүлгөн жана күчүндөгү келишимге өзгөртүүлөрдүн жана/же толуктоолордун киргизилишине алып келе турганы менен шартсыз макул болот жана бул киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор ачык офертага киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор менен бир эле убакта күчүнө киришин таанышт. Тараптар унчукпастык (келишимди бузуу же анын өзүнчө жоболоруна, анын ичинде шарттарын өзгөртүүгө макул эместиги туурасында жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдүн жоктугу) абоненттин макулдугу жана ачык офертанын өзгөртүлгөн жана/же толукталган же жаңы редакциясына кошулганы болот деп макулдашты (КР ЖК 174-беренесинин 3-пункту).

**12.3. Келишимди токтотуу тартиби жана шарттары**

12.3.1. Келишимдин күчүндө болгон бүтүн мөөнөтүндө абонент аны андан ары аткаруудан баш тартууга укуктуу. Төмөндөгү шарттардын каалаган бири абоненттин келишимди аткаруудан бир жактуу баш тартуусу болуп саналат:

а) Келишимди бузуу жөнүндө арыз берүү;

б) Абоненттин тарифтик планында көрсөтүлгөн эсептешүү шарттарына ылайык кызматтарды токтотуудан кийин өздүк эсептеги эң аз чекке жетүүгө жетиштүү суммадагы акча каражаттарынын абоненттин өздүк эсебине келип түшпөшү;

в) Абонент тарабынан 180 календардык күн аралыгында акы төлөнүүчү кызматтарды колдонбоосу (номерди сактоого төлөмдү кошпогондо, акы төлөнүүчү чыгыш түйүн активдүүлүгүнүн жоктугу).

12.3.2. Абоненттин келишимди аткаруудан баш тарткан же аны келишимди башка негиздерде бузган учурдан тартып Тараптардын милдеттенмелери токтотулду деп саналат, буга абонентке көрсөтүлгөн, бирок келишимди токтотуу учуруна төлөнбөгөн кызмат акыларына байланышкан милдеттенмелер кирбейт. Келишим боюнча төлөнгөн сумма менен кызмат көрсөтүү келишими токтогон учуруна чейин көрсөтүлгөн кызмат төлөмдөрүнүн айырмасын түзгөн абоненттин өздүк эсебинде калган акча каражаттардын суммасы абоненттин көрсөтүлгөн кызматтар үчүн милдеттенмелерин аткаруусунан кийин келишимде каралган тартипте кайтарылып берилет. Бул учурда өздүк эсепти жана/же кызматтарды максатына ылайык колдобогон учурда Оператор мыйзамсыз колдонуу фактысы боюнча териштирүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча тиешелүү

чечимдин чыгарылыша чейин жана/же түзүлгөн жагдай боюнча оператордун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылып, жооп алуусуна чейин абоненттен акча каражаттарын кармап калууга укуктуу. Кызмат көрсөтүүнү токтоткон учурда (анын ичинде абоненттин кайрылуусу менен) абоненттин ар бир 180 күндөн сейрек эмес төлөмдөрдү киргизүү шартында кызмат алуусун калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү бар болот.

12.3.3. Келишимдин бүтүн аракет мөөнөтүндө оператор абонентти алдын ала эскертпестен, төмөндөгү учурларда келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тартууга укугу бар:
- эгер кредиттик эсеп ыкмасында абонентке кызмат көрсөтүүсү токтотулуп, абонент келишимде көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде ага көрсөтүлгөн кызматтарды төлөө боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган учурда;
- 180 календардык күн аралыгында номердин сактыгы үчүн төлөм алууну же 90 календардык күндөн ашык карызын төлөбөгөн учурду кошпогондо, номердин акы төлөнүүчү түйүн активдүүлүгү жок болгон учурда (чыгыш чалуулар жана/же чыгыш SMS-билдирүүлөр жана/же интернет-сессиялар);
- номердин баштапкы адал ээси туурасындагы оператордун маалымат базасында сакталган буга чейинки жазуулар менен кара ниет адам (авторизациядан өткөн жана бөтөн номерди өзүнө каттап алган, мунун натыйжасында абонент макамына ээ болууга жетишкен) берген маалыматтын негизинде оператордун маалымат базасына абонент туурасында киргизген маалыматтын дал келбеген учурунда;
- персонификация маалында абоненттин анын өзү деп таанылышы жана анын өздүгү туурасында жалган маалыматтар берилгенин көрсөткөн анык эместик, кара санатайлык белгилери жана/же шек санаткан белгилер аныкталган учурда;
- SIM-картанын (анын ичинде eSIMдин) же SIM-картаны талап кылбаган абоненттик терминалдын башка жакка берилген учурунда мындай SIM-карта же же SIM-картаны талап кылбаган абоненттик терминал 10 календардык күн аралыгында мүмкүндүү абонент/колдонуучуга катталышы керек;
- ушул келишимде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

12.3.4. Келишим токтотулду деп эсептелет:
- келишимдин 12.3.1-п. ылайык абоненттин келишимди аткаруудан баш тартуусунда;
- келишимдин 12.3.3-п. ылайык оператордун келишимди аткаруудан баш тартуусунда;
- абонент-жеке жактын каза болгон учурунда;
- юридикалык жактын же жеке ишкердин ишмердүүлүгүнүн токтошу (жоюлушу) катталган учурда.

## 13. Корутунду жоболор

13.1. Ушул келишим түзүлгөн жер болуп оператордун жайгашкан жери саналат.

13.2. Абонент оператордун байланыш түйүнү аркылуу жайылткан жарнама мүнөзүндөгү маалыматты алууга макулдугун берет. Абонент муну менен мындай макулдашуунун мөөнөтү келишим түзүлгөн күндөн тартып, анын күчүндө болгон мөөнөтүнө чейин созула турганы менен таанышты. Абонент оператордун каалаган кеңсесинен жазуу түрүндөгү арыз берип макулдашууну кайра чакырып алууга укуктуу. Оператордун тарифтик пландар, акциялар, кошумча кызматтардын шарттары жана баасы жана башкалар туурасында жөнөткөн маалымат маалыматтык билдирүү болуп, жарнама мүнөзүндөгү маалымат катары таанылбайт.

13.3. Оператор эч бир жагдайларда кызмат көрсөтүүсүнөн же кызмат көрсөтпөөсүнөн улам абонентке келтирген тикелей же кыйыр зыян үчүн жоопту болбойт.

13.4. Оператор абонент-юридикалык жак же жеке ишкер менен келишим түзүүдө кол тамгасынын факсимилесин же кол тамгасынын аналогун колдонууга укугу бар.

13.5. Ушул келишим мамлекеттик же расмий тилде түзүлүшү мүмкүн, Тараптар келишимдин расмий тилдеги тексти менен мамлекеттик тилдеги текстинин ортосунда айырма болгон учурда расмий тилдеги текст түп нуска болот деп аныкташты.

13.6. Ушул келишимде каралбаган бардык учурларда тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелерин жетекчиликке алышат.

## 14. Оператордун реквизиттери

Оператордун аталышы: «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коом, кыскача аталышы: «НУР Телеком» ЖЧК, О! товардык белгиси

Юридикалык дареги:
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Биринчи май району, Абдрахманов көчөсү, №170/2 (2-блок). Каттоо номери 1386-33-ООО / ИУЖК коду 21765557 / идентификацияланган салык номери (ИСН) 00807199710065 /

Банк реквизиттери: э/э  БИК 044525411

Жетекчиси: Башкы директор Слепокуров Владислав Анатольевич

Телефону:

Электрондук почтасы (e-mail):